DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Амираева Л.А., Ирсалиева Н.А.*

# ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ӨНӨР САБАГЫН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Амираева Л.А., Ирсалиева Н.А.*

# СПОСОБЫ РАЗВИТИЯ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ СТУДЕНТОВ ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ ЗАНЯТИЯ ДЕКОРАТИВНО-ПРИКЛАДНОЕ ИСКУССТВО

*L. Amiraeva, N. Irsalieva*

# WAYS TO DEVELOP STUDENTS' CREATIVE ACTIVITY WHEN TEACHING DECORATIVE-APPLIED ART CLASSES

*УДК: 745/749*

*Элибиздин, улуттук мурастарын жаштарды тарбиялоо ишинде пайдаланып, улуттук баалуулуктарды баалай билген жана аны өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муунга жеткире ала турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн негизги маселелеринин бири болуп саналат. Макалада көркөм билим берүү багытындагы адистерди даярдоодо, көркөм өнөр жаатында, кесипкөй чыгармачылыкка ээ болгон адисти даярдоо гана эмес, анын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу негизги максаттардын бири экени айтылат, жана ал максатка жетүү үчүн, жасалга-колдонмо өнөр искусствосу сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизин түзүүнүн этаптык жолдору, сабак учурундагы кол өнөрчүлүктү үйрөнүүгө болгон иш-аракети, ар кандай көркөм каражаттар менен иштөө ыкмалары, студенттердин өз алдынча иштери, өздөрү жасаган кол өнөрчүлүк эмгектерин баалоо, ата-бабалардан мурас болуп калган көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарын окуп-үйрөнүү, аларды сактап, кийинки муунга үйрөтүү. Көркөм өнөр кесибинде билим алып жаткан студент көп билимге, шык-жөндөмгө ээ болуп, ар тараптуу өнүккөн, гармониялуу чыгармачыл, руханий-адептүү, коомдо атаандаштыкка жөндөмдүү инсан болуусу шарт. Чыгармачыл инсандын өнүгүшүн көркөм искусствонун катышуусусуз элестетүү кыйын. «Жасалга-колдонмо өнөр искусствосун» окуп үйрөнүү менен студент искусствонун коомдогу, маданияттын өнүгүшүндөгү ролун, ордун түшүнүүгө, жоопкерчиликтүү мамилени калыптандырууга үйрөнүшү керек, адамдарга, жаратылышка, коомдо болуп жаткан кубулуштарга карата, адамдын материалдык чөйрөсүн түзүүдө искусствонун ролун түшүнүү; өз алдынча көркөм чыгармачылык менен алектенип, таасирдүү образдарды түзө билүү жана устаттын көп кырдуу таланттуу уз-чебер болушу, сабакка тийиштүү көрсөтмө куралдарды өзү жасап даярдоосу окуучу же шакирт үчүн абдан маанилүү экендиги, сүрөтчү-педагогдун окутуудагы ишмердүүлүгү жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *образ, эмоция, антиквар, кроссворд, викторина, ритм, квиллинг, фальцевания, фантазия.*

*Одним из главных вопросов наших дней является воспитание образованного человека, умеющего использовать национальное достояние нашего народа в работе по воспитанию молодежи, умеющего ценить национальные ценности и овладать ими, творчески их совершенствовать и передавать к следующему поколению. В статье указано, что одной из основных целей подготовки специалистов в области художественного образования является не только подготовка специалиста, обладающего профессиональным творчеством в сфере искусства, но и формирование у него творческих способностей, а для достижения этой цели этапы создания основы для развития творческой активности учащихся в курсах декоративно-прикладного искусства способами, деятельность по обучению рукоделию на уроке, приемы работы с различными художественными инструментами, самостоятельная работа учащихся, оценка собственных рукоделий, изучение и усвоение ремесел, доставшихся в наследство от предков, их сохранение и обучение следующему поколению. Студент, обучающийся по художественной профессии, должен обладать большим объемом знаний и умений, быть всесторонне развитой, гармонично творческой, духовно-нравственной личностью, конкурентоспособной в обществе. Трудно представить развитие творческой личности без участия искусства. Читая и изучая «декоративно-прикладное искусство», учащийся должен научиться понимать роль и место искусства в развитии общества и культуры, формировать ответственное отношение к людям, природе, явлениям, происходящим в обществе, понимать роль искусства в создании материальной среды человека; для ученика или подмастерья очень важно умение самостоятельно заниматься художественным творчеством и создавать впечатляющие образы, а умение мастера быть многогранным и талантливым, готовить соответствующие наглядные пособия к уроку, активность художника - педагог в обучении.*

***Ключевые слова:*** *образ, эмоция, антиквариат, кроссворд, викторина, ритм, квиллинг, складывание, фантазия.*

*One of the main issues of our days is the education of an educated person who knows how to use the national heritage of our people in the work of educating young people, who knows how to appreciate and master national values, to improve and transmit them creatively. to the next generation. The article states that one of the main goals of training specialists in the field of art education is not only the training of a specialist with professional creativity in the field of art, but also the formation of his creative abilities, and to achieve this goal, the stages of creating the basis for the development of creative activity of students in courses in decorative and applied arts in ways, activities for teaching needlework in the classroom, methods of working with various artistic tools, independent work of students, assessment of their own needlework, learning and mastering crafts inherited from their ancestors, preserving them and teaching them to the next generation. A student studying in the artistic profession must have a large amount of knowledge and skills, be comprehensively developed, harmoniously creative, spiritual and moral personality, competitive in society. It is difficult to imagine*

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*the development of a creative personality without the participation of art. Reading and studying "arts and crafts", the student must learn to understand the role and place of art in the development of society and culture, form a responsible attitude towards people, nature, phenomena occurring in society, understand the role of art in creating the material environment of man; for a student or apprentice, the ability to independently engage in artistic creativity and create impressive images is very important, and the ability of the master to be multifaceted and talented, to prepare appropriate visual aids for the lesson, the activity of the artist-teacher in learning.*

***Key words:*** *image, emotion, antiques, crossword, quiz, rhythm, quilling, folding, fantasy.*

***Киришүү.*** Бүгүнкү заманбап шартта көркөм өнөр кесибинде билим алып жаткан студент көп билимге, шык-жөндөмгө ээ болуп, ар тараптуу өнүккөн, гармониялуу чыгармачыл, руханий-адептүү, коомдо атаандаштыкка жөндөмдүү инсан болуусу шарт. Чыгармачыл инсандын өнүгүшүн көркөм искусствонун катышуусуз элестетүү кыйын тура.

Негизги көркөм билим берүү стандартындагы көркөм сүрөт искусствосун изилдөөнүн натыйжаларынын бири болуп төмөнкүлөр саналат:

– студенттердин көркөм маданиятынын негиздерин алардын жалпы руханий маданиятынын бир бөлүгү катары, турмушту таануунун өзгөчө ыкмасы жана пикир алышууну уюштуруунун каражаты катары калыптандыруу; курчап турган дүйнөгө эстетикалык, эмоционалдык жана баалуу көз карашын өнүктүрүү; байкагычтык, көркөм эстутумду, ассоциативдик ой жүгүртүүнү, көркөм табитти жана чыгармачылык элестетүүнү өнүктүрүү;

– Ата Мекенинин маданиятын, тарыхын урматтоого архитектурада, көркөм искусстводо, предметтик-материалдык жана мейкиндик чөйрөнүн улуттук образдарында чагылдырууга адамдын сулуулугун түшүнүүгө тарбиялоо;

– визуалдык-мейкиндик искусствосунун ар кандай түрлөрүндө жана жанрларында көркөм образды түзүү боюнча тажрыйбага ээ болуу: көркөм сүрөт искусствосу (живопись, графика, скульптура), жасалга-колдонмо өнөрү (дпи), архитектура жана дизайн; синтетикалык искусстводо визуалдык образдын үстүндө иштөө тажрыйбасын алуу. Башкача айтканда, «Жасалга-колдонмо өнөр искусствосун» окуп үйрөнүү менен студент искусствонун коомдогу, маданияттын өнүгүшүндөгү ролун, ордун түшүнүүгө, жоопкерчиликтүү мамилени калыптандырууга үйрөнүшү керек, адамдарга, жаратылышка, коомдо болуп жаткан кубулуштарга карата, адамдын материалдык чөйрөсүн түзүүдө искусствонун ролун түшүнүү; өз алдынча көркөм чыгармачылык менен алектенип, таасирдүү образдарды түзө билүү.

***Изилдөөнүн актуалдуулугу.*** Элибиздин көркөмдүк менен сулуулукка болгон табити артып, дүйнөлүк прогресске карай кол сунган чакта, жасалга-колдонмо өнөрчүлүгү аркылуу жаш муундарды тарбиялоо өтө маанилүү. Кыргыз элинин, улуттук мурастарын жаштарды тарбиялоо ишинде пайдаланып, улуттук баалуулуктарды баалай билген жана аны өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муунга жеткире ала турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн негизги маселелеринин бири болуп саналат. Билимдүү жаштар – мамлекеттин эртеңки келечеги. Аларга ар тараптуу, заманбап билим тарбия берүү – мезгил талабы. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизи көркөм эстетикалык тарбия берүүдөн башталат. Көркөм эстетикалык тарбия адамдарга тиешелүү иш-аракеттердин сулуулугун, коздугун, тазалыгын даңазалайт. Ошондуктан келечек мугалимдердин көркөм чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү изилдөөбүздүн маанилүү маселеси катарында алдык. Адамдын чыгармачыл өнүгүүсүнүн башталышы, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, изилдөөчү-окумуштууларды да, студенттер менен практикалык иштерге түздөн-түз катышкан окутуучуларды да ар дайым тынчсыздандырганында.

***Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:*** Жасалга- колдонмо өнөрү сабагы аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү түшүнүктөрүнүн маанилери ачылып, системалаштырылып, илимий-педагогикалык негиздери аныкталды;

– жасалга-колдонмо өнөрү сабагы аркылуу көркөм өнөр мугалимдеринин кесибинин мазмунуна талдоо жасалып, окуу-тарбия ишинде ала турган орду жана шарттары такталып, теориялык билимдери практикалык иштер менен бекемделди.

***Негизги максат:*** Студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн көркөм сүрөт искусствосунун эң жемиштүү чөйрөсү бул жасалга-колдонмо өнөрү (ДПИ) экендигин көрсөтүү, анткени бул багытта жасалган ар кандай буюм-тайымдар буга чыныгы мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Бул багытта максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди коёбуз:

– элдик жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн тамырларын көрсөтүү;

– жасалга-колдонмо кол өнөрүнүн түрлөрү жөнүндө билимди иретке салуу (системалаштыруу);

– заманбап турмушта көркөм-жасалга кол өнөрүнүн маанисин аныктоо;

– жасалга-колдонмо өнөрү сабагында берилген тема боюнча студенттердин жасаган чыгармачылык иштеринин натыйжаларын талдоо;

– студенттерге сабактан тышкаркы иштерде жасалга-колдонмо өнөрү (ДПИ) сабагында калыптанган билимдерин, жана көндүмдөрдү колдонууну көрсөтүү.

***Изилдөө предмети.*** Колдонмо-жасалга өнөрү сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн ыкмалары жана шарттары.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***Изилдөө объектиси:*** Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн колдонмо-жасалга өнөрү аркылуу өнүктүрүү процесси.

***Изилдөөнүн методологиялык негизи катары:*** Изилдөө проблемасы боюнча колдонмо-жасалга өнөрү сабагында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндөгү философиялык, психологиялык, педагогикалык, көркөм искусстволук адабияттарды теориялык жактан талдоо, элдик жана колдонмо-жасалга өнөрү жөнүндөгү илимий эмгектерге, окуу усулдук колдонмолорго, программаларга, аудиториядан тышкаркы иш формаларына, алдыңкы педагогикалык технологиялар менен иш тажрыйбаларды талдоо, практикалык усулдар, педагогикалык эксперимент колдонулду.

*Илимий мааниси,* мында жасалга-колдонмо өнөрүнүн жалпыга белгилүү гана эмес, ошондой эле аз белгилүү түрлөрү жана ыкмалары тууралуу баяндалганында, мындан тышкары искусствонун бул түрүнүн өнүгүүсүнүн заманбап багыттары жана тенденциялары каралган. Студенттердин чыгармачылык ишинин натыйжалары боюнча маалыматтарды статистикалык иштеп чыгуу жана талдоо жүргүзүлдү, бул белгилүү бир жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди.

*Практикалык мааниси:* бул эмгек окутуучунун иш тажрыйбасын кафедрада жалпылоодо, методикалык бирикмеде же жыйынтыктоочу «карооʼ»до, ал эми жасалга-колдонмо өнөрү сабагы боюнча студенттердин иштеринин жыйынтыктарын талдоо – кафедранын отурумунда берилиши мүмкүн. Иштин практикалык бөлүгүнүн маалыматтары мындан аркы иште студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн салыштырып талдоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

Көркөм билим берүү багытындагы адистерди даярдоодо көркөм өнөр жаатында кесипкөй, чыгармачылыкка ээ болгон адисти даярдоо гана эмес, анын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, аң-сезимдүү чыгармачыл изденүүсүн калыптандыруу негизги максаттардын бири болуп саналат. Адамдын ар кандай иш-аракети анын керектөөлөрү менен камсыз кылынат, ал эми чыгармачылык ишмердүүлүк, анын ичинде көркөм чыгармачылыкка болгон муктаждык менен аныкталат. «Көркөм чыгармачылыкка болгон муктаждыкты ийгиликтүү калыптандыруу жана ишке ашыруу үчүн анын негизги мотиви катары ишмердүүлүктүн бул түрүнө кызыгууну калыптандыруу зарыл. Ошол эле учурда кызыгууларды актуалдаштыруу студенттерди активдүү, ар тараптуу жана эмоционалдык жактан бай билим берүү жана чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу аркылуу мүмкүн болот...» [1].

Жасалга-колдонмо өнөр сабагында, көркөм кол өнөрчүлүктүн орду өзгөчө баалуу. Студенттер сабак учурунда оюм-чиймдердин түрлөрүн түзгөндү, композициялык элементтерди оюмдар менен чагылдырууну жана практика жүзүндө көркөм кол өнөрчүлүктүн айрым бир ыкмаларын, иштөө техникасын өз колдору менен жасап үйрөнүшөт, бул аларга келечекте өз алдынча чыгармачылык менен алектенүүгө мүмкүндүк берет; керектүү түстү тандоону, ар түрдүү буюмдарды жасоодо, ар кандай көркөм каражаттар, аспаптар менен иштөөнү; өздөрү жасаган иш-аракеттерине баа берүүнү, көркөм эстетикалык сулуулукту байкоону өздөштүрүшөт [2, 3-9-бб.]. Мунун баары «Жасалга-колдонмо өнөрү» курсу боюнча жүргүзүлөт. Практикалык сабак учурунда заманбап жана элибиздин унутулуп бараткан улуттук кол өнөрчүлүгүнүн түрлөрүн өздөштүрүүгө артыкчылык берилет.

Студенттердин сабакка болгон чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизин түзүү үчүн иштин төмөнкүдөй этаптарын колдонобуз:

– көркөм искусство чыгармалары менен тааныштырууда, ал студенттерге таасирдүү болушу шарт. Ага алардын образдуу салыштырууларга негизделген, эмоционалдык мүнөздөмөлөрү аркылуу жетишилет;

– жакшы эмоционалдык чөйрөнү түзгөндөн кийин, чыгармачылыкка өтүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Мында окутуучу адабий бөлүктү: элдик кол өнөрчүлүк тууралуу макал-лакаптар, табышмактар, ырлар жана адабий чыгармалардан үзүндүлөр, жомоктор, уламыштар ж.б. колдонсо болот. Көбүнчө көркөм кол өнөрчүлүктүн чыныгы үлгүлөрүн: саймалар, антиквардык буюмдар, элдик кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн көрсөтүү [3]. Студенттер кол өнөрчүлүк боюнча кеңири маалымат алышы үчүн кээде видео-слайддарды колдонуу;

– билим сапатын жана сабакты же берилген тапшырманы канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн текшерүү үчүн, оюн түрүндө текшерүү, студенттер темага байланыштуу кроссворддорду же тест түзүп, аны группадагы студенттер менен чечмелеп, викториналарга катышышат;

– ар бир өтүлгөн теманын аягында аткарылган иштерди талдап, жыйынтыктоочу көргөзмө өткөрүп, ишти талкуулоо. Жасаган иштеринин ичинен мыктысын тандоодо, студенттер өздөрү баа беришет, кетирилген кемчилдиктерди талдашат. Эгерде жасалган буюмдагы кемчилдиктерди оңдоого мүмкүн болсо, аны кантип түзөтүү керектиги сунушталат. Алар жасаган иштериндеги өздөрүнүн ийгиликтерин жана кемчилдиктерин ачык байкашат, тайпадагы курсташтарынын аткарган ишинин натыйжасын көрүшөт. Бул көркөм эстетикалык табитти өнүктүрүүгө жана иштин жыйынтыгын, туура баалоого өбөлгө түзөт.

Кээде студенттерге өз алдынча иштөө (СӨИ) тапшырмасына: улуу муундагы чыгармачыл инсандар менен жолугушуп, алардын чыгармачылыгы тууралуу баарлашуу, үй-бүлөдө сакталган тарыхый көркөм кол өнөрчүлүк буюмдары тууралуу ата-энелери-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



нен, чоң-ата, чоң-энелеринен билип келүүсү, же болбосо ал буюмду сабакка алып келип, курсташтарына тааныштырып, ошол буюмдун тарыхы, жасалуу жолдору тууралуу айтып берүү сунушталат. Студенттер мисалы; «Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү», «Боз үйдүн ички жасалгасы» - деген темада өз алдынча кроссворддорду түзүшөт.

Сабак учурунда педагог-окутуучу сабактын ар кандай түрлөрүн, формаларын жана ыкмаларын колдонсо, студенттердин чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү ачылат [4, 243-б.]. Алар бул предметти окуганга чейин эле, башка кесиптик сабактардан (түс таануу жана коллористика, живопись, дизайн) сулуулук ритми жана түстөр тууралуу түшүнүктөр менен келишет. Кесиптик сабактардан сүрөт тартып, живопись иштеп, чийме чийишип, кол өнөрчүлүк буюмдарын жасаганды үйрөнүшкөндүктөн, практикалык сабак учурунда, эч кыйынчылыксыз берилген тапшырмаларды аткарууга даяр болушат. Ошондуктан өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө бардык шарттарды түзүүбүз керек. Жаңы көркөм каражаттар менен тааныштыруу, алар менен иштөө ыкмасын үйрөтүү, чыгармачылыктын түрлөрүн улам алмаштыруу элдик кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсүнө себепкер болот.

Студенттердин жасаган чыгармачылык иштерин талдап көрүп, алар кагаз пластикасын (квиллинг), муздак жана жылуу батик (жибек кездемеге сүрөт тартуу) техникасын [5, 64-б.], кийизди заманбап иштетүүнү (фальцевание техникасы), сайманын түрлөрүн (түктүү сайма, басма сайма, чыраш сайма, ж.б.), кездеменин кесиндилеринен курак (аппликация) куроону, чийге оюм көчөт салып чырмоону, булгаарыдан ар кандай белектерди жасоону ийгиликтүү өздөштүргөнүн баса белгилеп кетүүгө болот. Алардын ар бир жасаган буюмдары көрүүчүгө жылуу маанай тартуулайт. Ошондой эле студенттер ар кандай табигый жана табигый эмес материалдын калдыктарын колдонуу менен да, чыгармачыл ишти жаратышат: бул жерде аларга жасалгалоо ишинде, кандай материалдарды колдоноорун чектебөө керек. (акрил боёктору, фоамарин, гафрин түстүү кагазы, булгаары, кийиз, жүн жана зыгыр жиптери, шурулар, ж.б.). Алардын фантазиясы чексиз жана ал чыгармачылык иштеринде ишке ашат.

Студенттер окуу процесси учурунда жасалга-колдонмо өнөр буюмдарын баалап, аларга аяр мамиле жасап, кам көрүп, ага болгон кызыгуулары артат. Сабакты чыдамсыздык менен күтүп, жаңы бир нерсе, жараткылары келишет. Окуу жайда өткөрүлгөн ар кандай салтанаттарда, илимий-практикалык конференциялар учурунда көргөзмөгө коюлган иштери менен сыймыктанышат жана аларда өзүн-өзү сыйлоо сезими жогорулайт.

*Жасалга-колдонмо өнөр сабагында студенттердин өз алдынча (СӨИ) иштери.* Студенттер берилген темалар боюнча чыгармачылык менен иштөөдө берилген саат аздык кылат. Ошондуктан алардын сабактан сырткары өз алдынча иштөөсүнө да туура келет. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн бир гана «Жасалга-колдонмо өнөр» сабагында өнүктүрбөйбүз. Көркөм билим берүү багытындагы: сүрөт, живопись, композиция, түс таануу жана колористика, материалды көркөм иштетүү, материалды таануу, колдонмо-жасалга өнөрүнүн технологиясы ж.б. кесиптик сабактардан да, кол өнөрчүлүк менен алектенишет [6, 163-б.].

Көркөм билим берүү багытында билим алып жатышкан студенттерибиз университетте, факультетте өткөрүлгөн көргөзмөлөргө, кароо-сынактарга, музейде өткөрүлгөн мастер-класстарга активдүү катышышат. Алардын жыйынтыгы бизди кубандырат.

Окутуучунун көп кырдуу таланттуу уз-чебер болушу окуучу үчүн абдан маанилүү, ошондуктан көп көрсөтмө куралдарды өзү жасап даярдоосу зарыл (сайма сайганды, кайра иштетилген материалдардан буюмдарды жасаганды, кийизди көркөм иштеткенди, чий чырмакчылыкты ж.б.у.с.). Жасалга-колдонмо өнөр искусствосу адамзат коомунун турмушунда эбегейсиз зор роль ойнойт, эстетикалык баалуулуктарды жана руханий тажрыйбаны топтоп муундан-муунга, атадан-балага, энеден-кызга өткөрүп берүүнү камсыз кылат [7, 7-9-бб.].

***Корутунду.*** Студенттердин чыгармачылык иштерин жана алардын өздөрүнүн билимдерин, билгичтиктерин жана жөндөмдүүлүктөрүн өз алдынча иштөөдө (СӨИ) кандайча колдоноорун талдап көрүп, мындай тыянакка келсек болот: студенттерди чыгармачылыкка үндөгөн көркөм өнөрдүн эң жемиштүү чөйрөсү – бул жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк, анткени бул багытта жасалган ар кандай буюм-тайымдар, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Адам баласы ар дайым өзүн курчап турган ар кандай буюмдардын арасында жашап келген. Алар жөн эле жашабастан көркөм кол өнөрчүлүгү менен керектүү, пайдалуу гана эмес, кооз нерселерди да жаратышкан, азыр да, кооз буюмдарды жараткан дүйнө керек. Ал эми аны жаратуу үчүн ар бир инсанга өнүккөн көркөм эстетикалык табит керек [8, 25-б.]. Ошондуктан жасалга-колдонмо кол өнөрүнүн жаш муундарга тарбия берүүдөгү ролу чоң жана баа жеткис. Келечекте биздин бүтүрүүчүлөрүбүз окууну аяктап, аймактарга барып, орто мектептерде жогорку окуу жайдан алган билимдерин, үйрөнгөн өнөрлөрүн келечектин ээлерине үйрөтөөрүнө толук ишеним бар.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



**Адабияттар:**


1. Мамонтов К.В. Формирование художественно творческих потребностей студентов на занятиях ИЗО. - М., 2006. - С.16.
2. Боголюбов Н.С. Развивающее обучение в изобразительном искусстве. // В сб. научных трудов: Декоративно-прикладное искусство в системе эстетического воспитания. - М.: МПГУ им. В.И. Ленина, 1990. - С. 3-9.
3. Корешков В.В. Декоративная деятельность средство формирования и развития личности // В сб. научных трудов: Совершенствование художественной подготовки студентов хгф к работе в школе. - Уфа: Баш. ГПИ, 1992. - С. 5-7.
4. Асеев В.Г. Мотивация поведения и формирование личности. - М., 1976. - С. 243.
5. Арманд Т. Руководство по росписи ткани. // Под ред. Н.Н. Соболева. - СПб.: Политехника, 1992. - С. 64.
6. Ахияров К.Ш., Правдин ЮП. Формирование познавательной активности студентов в процессе обучения. - Уфа, 1988. - С. 163.
7. Акматалиев А. Кыргыздын колдонмо-жасалга кол өнөрү /А. Акматалиев. - Ф.: Адабият, 1989. - 7-9-бб.
8. Балл Г.А. Нормы деятельности и творческая активность личности / Вопросы психологии. - 1990. - С. 25-34.